**Алексеевка орто мектебинин 2021-2022 – окуу жылындагы кыргыз жана мамлекеттик тили боюнча усулдук бирикмесинин мугалимдеринин иштеген иштерине анализ.**

Кыргыз жана мамлекеттик тилинин усулдук бирикмесинде көпчүлүгү тажрыйбалуу мугалимдер, заманбап ыкмаларды колдонуу менен окуучуларга багыттуу билим беришет. Мугалимдер жааматы күндөн-күнгө окутуу процессинде окуучуларга эң мыкты жагымдуу абал түзүшөт.

Кыргыз жана мамлекеттик тилинин усулдук бирикмесинин алдына койгон максаты:

1. Турмуштук кырдаалга жакындатылган же реалдуу моделди анализдөөгө чечим жолун түзүү.
2. Өзүн-өзү уюштуруу ырааттуулугун уюштуруу, аны аткаруу аракет кылуунун ыкмасын жана анын натыйжасын берилген эталондор менен салыштыруу аркылуу контролдоо.
3. Негизги иш белгиличтерин үйрөнүшөт илимий изилдөө жана долбоордоо иш-чараларынын алкагында билүү оозеки маалыматтарды окутуу.
4. Балдар чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү жана ишке ашыруу үчүн оптималдуу шарттарды түзүү.
5. Сабактар боюнча кошумча иш-чараларын жандандыруу.

Кыргыз тили жана адабият мугалимдери иш максатына ылайык иш төмөнкү багыттар боюнча ишке ашырылган:

Предметтик жумалык:

- Өз билимин жогорулатуу.
- Педагогигалык стажды аныктоо жана түзүү боюнча иш.
- Ачык сабактар жана алардын анализи.
- Мектеп олимпиадасын өткөрүү.
- Илимий жана келечекте илимий ителлект мектеп менен кызматташуу.
- Педагогикалык кесиптик көндүмдөр өнүктүрүү.

2021-2022 окуу жылында 5 отурум өткөрүлдү. Отурумда төмөнкү баасын берүүсүнүн кылынуучу бардык тапшырмалар колдонулат. Өзүн-өзү жөнгө салуу керектүү моментте окуу аракеттерин баштоого жана бүтүрүүгө жөндөмдүүлүк ошондой эле мүмкүн болгон капачылыктарды өзүнө баа берүү мурда өздөштүрүлгөн жана дагы өздөштүрө турганды түшүнүүгө жөндөмдүүлүк өздөштүрө денгээлин түшүнүү жөндөмдүүлүгү.

Усулдук бирикменин алдына коюлган максаттары:

Таанып билүү кызыкчылыктарын иштеп чыгуу, окуучулардын интеллектуалдык жана чыгармачылык менен сүйлөшө билүү, тандаган жашоо ишке ашыруу.

Социалдык-коммуникативдик көндүмдөр жубу менен, тобу менен ошондой эле өз ойлорун жетишерлик толук жана так билдирүү жөндөмдүүлүгү.

1. Илимий изилдөө иш-методикалык үлгүсүн түзүлүшүнүн негиздерин үйрөөнү.
2. Иш ыкмасын үйрөнүү: сабак берүү жана окутуу, маалымат жана байланыш илимий изилдөө жана долбоордук ишин чагылдыруу болучу.

Суроолор каралды.

Окуу үчүн иштөө планы менен таанышуу:

- Билим беруу стандарт менен иш алып баруу.
- Иш программаларды жана календардык тематикалык пландарын макулдашуу.
- Окуучулардын кемтиктерин четтетүүгө багытталган ыкмаларды иштеп чыгуу.
- Аралык жана жыйынтыктоочу контролдоо ыкмаларынын формасы жана методу.
- Иш жүзүнө жаңы технологиялар жана аны ишке ашыруу көйгөйлөр.

Методикалык бирикменин отурумунда изилдөө жана колдонуу менен байланышкан маселелерди чечүү, текшерүү иштердин талдоосу кароодон өттү.

Усулдук бирикменин аралыгында ачык сабактар, класстан тышкаркы иштер өткөрүлдүү. Усулдук бирикменин отурумунда мугалимдер өз табылгалары менен бөлүшүштү, ар кимиси кайсы көйгөйдүн үстүндө иштейт, өз тажрыйбалары тууралуу ой-пикирлер айтылды. Кыргыз жана мамлекеттик тилди өтүүдө жаңы технологияларды колдонуу максаты, сөз өстүрүүдө эффективдүү ыкмаларды практика жүзүндө ишке ашышын камсыз кылуу.

Жыл ичинде усулдук бирикменин мүчөлөрү өз тажрыйбалары менен алмашып турушту, август айындагы семинарларга катышышты.

Өз билимин жогорулатуу боюнча КАОго окууга жыл сайын барышат.

Кыргыз жана мамлекеттик тилинин мугалимдерине төмөнкү рекомендациялар сунушталат:

- Тесттик материал менен иштөө көндүмдөрүн иштеп чыгуу боюнча окутуу.
- Алдын алуу грамматикалык жана тесттик тапшырмалар менен иш алып баруу.
- Мамлекеттик экзамендерге даярдоодо өзгөчө көңүл буруу.
- Аралыктык иш-чараларды көзөмөлгө алуу.

Мектепте диагностикалык иштер өткөрүлөт, көзөмөл жүргүзүүдө мугалимдер окуучулардын капаларына жакшы түшүнө албай калган темаларына кемтиктерди жоюу тууралуу иш алып барышат. Сабакка жетише албай окуган окучуулар менен жекече иштер өткөрүлөт: кошумча сабактар, консультациялар. Мугалимдер окуучулардын билимин жогорулатуу боюнча иштеген жана кол жазмаларына көңүл бурушат. Окучуулардын сабакка даярдыгы жакшы, алар өз билимин аныкташты. Кыргыз тили мугалимдери жыл бою окуучуларга олимпиадага даярдаганга жардам беришти.

А) Алгачкы аралыктык жана жыйынтыктоочу контрол алууда окуучулардын билим денгээлин текшерүү .

Б) Тестирлөө.

2021-2022 окуу жылына карата кыргыз жана мамлекеттик тили боюнча усулдук бирикменин мугалимдери август кеңешмесинде тематикалык календардык пландарды талкулоого катышышты. Мугалимдер мектептин жана кыргыз усулдук бирикмесинин планы боюнча иштеди. Окуу башталары менен эле мамлекеттик тилдин үч айлык иш-чаралардын мерчемине даярдык көрүлүп, 23-сентябрда салтанаттуу тизим өттү. Кыргыз тили жана адабияты сабактарынын жумалыгына карата мугалимдер активдүү катышышты.

Декаданын темасы: "Кыргыз жана мамлекеттик тилди өтүүдө жаңы технологияларды колдонуу"

Максаты:
1. Окуучулардын оозеки жана жазуу кебин өстүрүү.
2. Окучуулардын туура сүйлөө ыкмаларын калыптандыруу.
3. Окуучулардын ой жүгүртүүсүн өстүрүү.
4. Туура жазуу ыкмаларын өнүктүрүү.

Усулдук бирикменин 2021-2022 окуу жылында аткарган иштери боюнча өздөрүнүн отчётторун беришти. Аларга кайрылып көрсөк:

Бакеева Атыркуль Турдукожоевна, пед. стаж – 40 жыл. Атыркуль Турдукожоевна орус класстарына кыргыз тили жана адабияты сабагынан берет. Тажрыйбалуу мугалим. Сабакты жогорку денгээлде өтөт, көрсөтмө куралдарды көп колдонот

"Билим сапатын жогорулатуу жана жаңы ыкмаларды сабакта пайдалануу" деген көйгөй боюнча иштейт. Өзү бардык дилин сабакка жумшайт. 8-а классына ачык сабак өттү. Сабактын темасы: "Бышыктооч". Ар кандай диагностикалык материалдарды колдонду. Проектор аркылуу жазуу иштерин аткарышты. Окуучулар синквейн, ребустар, карточкалар менен иштеди. Мугалим өзгөчө сүйлөө кебине көңүл бурат. Сабак кызыктуу, жогорку денгээлде өттү. Сабак максатына жетти.

Атыркуль Турдукожоевна үлгүлүү мугалим болуп эсептелинет.

Джапарова Алмагуль Наспековна, пед. стаж – 30 жыл. Башталгыч орус класстарына кыргыз тили сабагынан берет. Ар кандай көрсөтмө куралдарды колдонот. Окуучуларды өзүнө тарта алат. Мектеп ичиндеги коомдук иштерге окуучулары активдүү катышат. Сабакты жогорку деңгээлде өтөт. Жаңы ыкмаларды колдонуу менен окуучулардын өз алдынча иштөөсүн калыптандыруу деген көйгөй боюнча иштейт. Окуучуларынын билим деңгээли жакшы, сабакта активдүү жооп беришет.

Капарова Миргүл Калмурзаевна, пед. стаж – 16 жыл. Кыргыз класстарына кыргыз тили жана адабиятынан сабак берет. Сабакты жогорку деңгээлде өтөт. Ар кандай дидактикалык материалдарды колдонот. Жаңы ыкмаларды колдонуу менен окуучулардын өз алдынча иштөөсүн калыптандыруу деген көйгөй боюнча иштейт. Мугалим ар бир сабактын этабында жыйынтык чыгарып сүйлөө кебин толуктайт.
Улуу жазуучу Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата "Аалам сүйгөн Айтматов" аттуу сынакка 6-7 класстын окуучулары чеберчилик менен өз таланттарын тартуулашты.
Миргүл Калмурзаевна үлгүүлү мугалим болуп эсептелинет.

Ногоева Чынара Молдобековна, пед. стаж – 26 жыл. Кыргыз класстарына кыргыз тили жана адабиятынан сабак берет. Сабак өтүүдө дидактикалык материалдарды көп колдонот жана сүйлөө кебине көңүл бурат.
Мамлекеттик тил күнүнө карата жумалыкта 6-в класстар менен кыргыз тилинен ачык сабак "Неологизмдер" өтүлдү. Мугалим ар бир сабактын этабында жыйынтык чыгарып сүйлөө кебин толуктайт. Окуучулар кластер, карточкалар, проектор аркылуу иштеди. Сабакты жогорку деңгээлде өттү. Сабак максатына жетти.

Саитова Нүргүл Маматсадировна, пед. стаж – 10 жыл. Алексеевка орто мектебине быйыл келген. Жетинчи класстарга кыргыз тили жана адабиятынан сабак берет. Сабак өтүүдө дидактикалык материалдарды көп колдонот. Окуучулары активдүү иштешет. Сабак берүүдө окуучулардын сүйлөө кебине көңүл бурат.

УБнин ар бир мүчөсү мектепте активдүү катышып келишти. Жыйынтыктап айтканда усулдук бирикме 2021-2022 окуу жылын көптөгөн жетишкендиктер, ийгиликтер менен аяктап жаңы окуу жылынын иш мерчемин да кабыл алышты жана ар кандай мектеп ичинде боло турган коомдук иштерге активдүү катышууга аракеттенет деген ишеничтебиз.

Сунуштар:

1. Сабак берүүдө окучуулардын сүйлөө кебине көңүл буруу, зээндү балдар менен эффективдүүлүктүү жогорулатуу боюнча бардык иш-чараларды ойлонуу.
2. Жаңы окуу жылында сөзсүз төмөнкү маселелерди чечүү керек:

   а) Азыркы заманбап талапка жооп берген педагогикалык технологияларды өздөштүрүү.

   б) Окутууда коммуникативдүү терең мамиле окуучулардын аракетине сүйлөө кебине негизги ишмердүүлүгүнө көңүл буруу.

УБнин жетекчиси: Бакеева А.Т.